**УДК:930.07**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-327-335**

**Алыкулова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
alykulova1973@mail.ru
**Масалиева А.**
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## МОСКВАДАГЫ КЫРГЫЗ ИСКУССТВОСУНУН БИРИНЧИ ДЕКАДАСЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫ

**Аннотация:** Совет бийлигинин жылдарында Кыргызстанда улуттук профессионалдык искусство жаралып, классикалык профессионалдык чыгармачылыктын таптакыр жаңы жанрлары жана формалары туулуп, калыптанды. 1939-жылы Москвада кыргыз искусствосунун биринчи декадасы болуп, анда Кыргызстандын жаш таланттарынын алгачкы жетишкендиктери москвалык көрүүчүлөргө тартууланган. Буга байланыштуу, ал ар тараптуу терең изилдөөнү талап кылган тарыхый өткөндүн жаркын барактарынын бири болуп калды. Макалада кыргыз искусствосунун Москвадагы биринчи декадасынын окуяларын камтыган адабияттарга тарыхнаамалык талдоо берилген, бул социализм доорундагы кыргыз элинин өткөнүнө объективдүү баа берүүгө мүмкүндүк берет. Проблеманын тарыхнамасы декадада басылып чыккан адабияттарды да, андан кийинки мезгилде жарык көргөн адабияттарды да камтыйт.

**Негизги сөздөр:** тарыхнаама, Кыргыз Республикасынын тарыхы, Кыргызстандын искусствосу, Москвадагы кыргыз искусствосунун биринчи декадасы, маданият.

**Алыкулова Г.К.**
кандидат исторических наук, и.о., доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
alykulova1973@mail.ru
**Масалиева А.**
студент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ИСТОРИОГРАФИЯ ПЕРВОЙ ДЕКАДЫ КЫРГЫЗСКОГО ИСКУССТВА В МОСКВЕ

**Аннотация:** В годы Советской власти в Кыргызстане было создано национальное профессиональное искусство, зародились и утвердились совершенно новые жанры и формы классического профессионального творчества. В 1939 году в Москве состоялась первая

декада кыргызского искусства, на которой московскому зрителю были представлены первые достижения молодых талантов Кыргызстана. Она стала одной из ярких страниц исторического прошлого, требующих всестороннего глубокого изучения. В статье представлен историографический анализ литературы, освещающей события первой декады кыргызского искусства в Москве, которая позволяет объективно оценить прошлое кыргызского народа периода социализма. Историография проблемы включает как литературу, изданную во время декады, так и литературу, изданную в последующий период.

**Ключевые слова:** историография, история Кыргызской Республики, искусство Кыргызстана, первая декада кыргызского искусства в Москве, культура.

**Alykulova G.K.**
Candidate of Historical Sciences, acting, associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
alykulova1973@mail.ru
**Masalieva A.**
tudent
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## HISTORIOGRAPHY OF THE FIRST DECADE OF KYRGYZ ART IN MOSCOW

**Abstract:** During the years of Soviet power, national professional art was created in Kyrgyzstan, completely new genres and forms of classical professional creativity were born and established. In 1939, the first decade of Kyrgyz art took place in Moscow, at which the first achievements of young talents of Kyrgyzstan were presented to the Moscow audience. It has become one of the brightest pages of the historical past that requires comprehensive in-depth study. The article presents a historiographical analysis of the literature covering the events of the first decade of Kyrgyz art in Moscow, which allows us to objectively assess the past of the Kyrgyz people during the period of socialism. The historiography of the problem includes both literature published during the decade and literature published in the subsequent period.

**Key words:** historiography, history of the Kyrgyz Republic, art of Kyrgyzstan, the first decade of Kyrgyz art in Moscow, culture.

Кыргыз эли көптөгөн кылымдар бою өзүнүн улуттук духун, ички мүдөөсүн чагылдырган оозеки эпикалык чыгармаларды жаратып, өркүндөтүп, муундан муунга өткөрүп келген. Бизге жеткен көркөм чыгармачылык эстеликтеринин ичинен эң көрүнүктүүсү, кыргыз элинин улуу мурасы, улуттук сыймыгы, жол көрсөтүүчүсү, кыргыз духунун туу чокусу, байыркы баатырдык эпосу “Манас” болуп саналат.

Революцияга чейинки Кыргызстандын оригиналдуу искусствосу манасчылар ("Манас" эпосун айтуучулар), ырчылар, акындар (импровизацияланган акындар) тарабынан чагылдырылган. Өз алдынча үйрөнгөн сүрөтчүлөр түркүн түстүү оймо-чиймелерди жасап, кыргыздардын үйлөрүн, кийимдерин, тиричилик буюмдарын, ээрлерди коздогон.

Ал эми, советтик түзүлүш кыргыз искусствосунун тарыхында жаңы баракты ачты: классикалык профессионалдык чыгармачылыктын таптакыр жаңы жанрлары жана

формалары жаралып, түптөлдү. XX кылымдын 20-30-жылдарында республикада элдик чыгармачылыктын тереңинде тамыр жайган профессионалдык искусство пайда болгон.

30-жылдары Кыргызстанда Кыргыз мамлекеттик музыкалык драма театры, Кыргыз мамлекеттик филармониясы, Кыргыз мамлекеттик драма театры ачылган. Профессионалдык искусство өнүгө баштаган. Республиканын жаш театрларынын сахналарында классикалык жана улуттук репертуардагы алгачкы музыкалык-драмалык спектаклдер коюлуп жаткан деңгээлге жеткен.

Биз макалада Совет бийлигинин жылдарында элдин маданиятынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү болгон, 1939-жылы Москвада өткөн кыргыз искусствосунун биринчи декадасынын изилденишине талдоо жасап, алгачкы аракеттерди жасоо кадамын таштап жатабыз десем жаңылышпайбыз. Анткени, ал ар тараптуу терең изилдөөнү талап кылган тарыхый өткөндүн жаркын барактарынын бири болуп саналат. Бул жылдардын тарыхын объективдүү талдоо Совет өкмөтү кыргыз элинин өнүгүшүнө киргизген жаңы нерселерди илимий жактан түшүнүүнүн зарылдыгы менен шартталган.

Москвадагы кыргыз искусствосунун биринчи декадасынын окуяларын чагылдырган адабияттарга тарыхнаамалык талдоону жүргүзүү, кыргыз элинин социализм мезгилиндеги өткөн жолуна объективдүү баа берүүгө мүмкүндүк берет. Проблеманын тарыхнамасы декадада басылып чыккан адабияттарды да, андан кийинки мезгилде жарык көргөн адабияттарды да камтыйт.

Республикалык басма сөздө Кыргызстандын искусство чеберлеринин декадасына даярдык көрүү жөнүндөгү кабарлар анын ачылышынан алда канча мурда эле жарыялана баштаган. Ушуга байланыштуу, «Советтик Кыргызстан» басылмасында эки макала жарык көрдү [1]. Анын бири, Н. Сенниковдун макаласында Москвадагы он күндүктө көрсөтүлүшү керек болгон кыргыз искусствосунун репертуары камтылган [2].

Декадага зор маани берилип, өтө чоң жоопкерчиликти камтыды. Кыргыз искусствосунун декадасынын бардык спектаклдери, концерттери, жолугушуулары зор ийгиликтердин коштолушу менен өттү. Декададагы спектаклдер жана концерттер бүткүл союздук басма сөздө кеңири чагылдырылды.

Москвада өтө турган кыргыз искусствосунун декадасына катышуучулардын келээри тууралуу кабарлар, декаданын башталышына чейин эле «Правда» жана «Известия» гезиттеринде жарыяланып чагылдырылган [3]. Ошондуктан, кыргыз искусствосунун декадасынын катышуучуларын бүт өлкө күтүү менен тосуп алган [4].

Кыргыз искусствосунун декадасы Москвадагы СССРдин Чоң театрынын филиалында В.Власовдун, В.Ференин, А.Малдыбаевдин “Айчүрөк” аттуу биринчи улуттук патриоттук лиро-эпикалык операсын көрсөтүү менен ачылды. Атактуу композитор Ю Шапорин бул опера боюнча мындай деп жазган: «Операнын музыкасы... негизинен кыргыздын нукура обондоруна курулган, алардын өтө эле жөнөкөйлүгү менен жана адаттан тыш тунук жана ритмдүүлүгү менен өзүнө тартып турат... Жалпысынан алганда, «Айчүрөк» операсы - искусствосу жакында гана канатын жайа баштаган кыргыз элинин эбегейсиз зор чыгармачылык куч-кубатынын ачык-айкын жана ынанымдуу далили» деп билдирген [5].

«Айчүрөк» операсынан, «Ажал ордуна», «Алтын кыз» музыкалык драмаларынан тышкары, ошондой эле, Кыргызстан мамлекеттик филармониясынын чоң концерттик программасы көрсөтүлгөн.

Он күндүн ичинде Москванын театрларында, концерттик залдарында, ишканаларында жана клубдарында Советтик Кыргызстандын музыкасы угулуп турду. Радиодон концерттер,

жазуучулардын, композиторлордун, художниктердин спектаклдери, адабий окуулар уктурулган. Он күнгө созулган иш-чарага жалпысынан 550 улуттук искусство чебери катышкан. Ал эми, спектаклдерге жана концерттерге 30 минден ашуун көрүүчү келген.

Советтик мамлекеттин борбордук газеталары Совет бийлигинин жылдарында кыргыз искусствосунун өнүгүшү жөнүндөгү атайын арналган макалалар жарыяланган [6]. Мисалы, «Известия» газетасынын 1939-жылдын 22-майындагы басылмасында «Кыргыз искусствосунун декадасы» деген редакциялык макала жарыяланып, анда «Кыргыз искусствосу жаркырап гүлдөөгө жетишти, анын эң сонун үлгүлөрү Москвадагы декадада көрсөтүлөт» деп жазып чыгышкан.

«Правда» газетасынын ар бир санында деталдаштырылган хроника берилип, аны менен бирге — театрдын айрым спектаклдери жөнүндө, кыргыз тобунун артисттери, музыканттары жөнүндө баяндаган макалалар да чагылдырылган.

Республикалык «Советтик Кыргызстан» газетасы да Москвадагы кыргыз искусствосунун биринчи декадасынын жүрүшүн жана маанисин чагылдырган редакциялык макалаларды байма-бай жарыялап турган [7]. Газетанын «Кыргыз элинин искусствосунун салтанаты» деген редакциялык макаласында: «Кыргыз искусствосунун Москвадагы он күндүгү — бул эбегейсиз зор маданий окуя гана эмес, ошондой эле артисттердин, музыканттардын, живописчилердин, сүрөтчүлөрдүн, жазуучулардын чыгармачылыгынын искусстводогу эң чоң сыноосу», деп жазышкан [8].

Кыргыз элинин искусствосу менен адабиятынын жетишкендиктери жогору бааланып, борбордук басма сөздөрдө, бир тууган элдердин улуу коомчулугунда жаңы искусство жаралып жаткандыгын баса белгилеген. Аларда, «Орус искусствосунун өкүлдөрү кыргызстандык кесиптештерине улуттук искусствону жаратууга жардам беришти. Орус музыканттары В. Власов, В..Г. Фере, П.Ф. Шубин, сүрөтчү Я.З. Штоффер, балетмейстер Н. Холфин, хормейстер Н.Т. Меркулов, режиссер окутуучулар А. Самарин-Волынский жана В.Я. Васильев, акын-котормочу В.В. Винников жана башкалар Кыргызстанга орус адабияты менен искусствосунун эң бай тажрыйбасын, дүйнөлүк искусствонун жетишкендиктерин алып келишкен” деп жазышкан[9].

Кыргыз искусствосунун чеберлеринин бардык спектаклдери сынчылардын жогорку баасына татыган жана көрүүчүлөр тарабынан сүйүнүү, кубаттоо менен бааланган [10].

Москвалыктар, ошондой эле, биринчи декадада кыргыз ырчыларынын жана музыканттарынын, акындарынын жана манасчыларынын, комузчулар ансамблинин жана эл аспаптар оркестринин чыгармачылыгы менен да таанышышкан [11].

Кыргыз журналисттери кыргызстандыктарды искусствосунун декадасы кандай өтүп жатканы тууралуу кабарларды жеткизип турган, ал эми «Советтик Кыргызстан» республикалык гезитинде кыргыз искусство чеберлеринин спектаклдери, концерттери, москвалыктар тарабынан өтө жылуу кабыл алынып жаткандыгы тууралуу материалдарды чагылдырышкан [12];

Ж. Турусбековдун «Ажал ордуна» драмасы Москванын профессионал дык маданият билгичтери тарабынан жогору бааланып, борбордун басма сөздөрүндө абдан жакшы пикирлерге ээ болду. Москвада көрсөтүлгөн кыргыз искусствосунун декадасы жөнүндөгү өзүнүн ой-пикирлери менен советтик театр искусствосунун көрүнүктүү ишмери В. Немирович-Данченко да бөлүшкөн [13]. Ж.Турусбековдун драмасынын коюлушу белгилүү советтик драматург жана маданият ишмери А.Корнейчук тарабынан да жогору бааланып [14] оң пикирин жараткан. Кыргыз эстрадасында бир катар спектаклдерди койгон режиссер

В.Целиковский жаш кыргыз театрынын ишмердүүлүгү тууралуу макалаларды жарыялаган [15].

Жаш кыргыз театралдык искусствосунун пайда болушуна жана өнүгүшүнө орус искусство ишмерлери, музыка таануучу В.Виноградов, композиторлор В.Власов, В.Фере эбегейсиз өз салымдарын кошушкан. Алар өздөрүнүн публикацияларында Кыргыз ССРиндеги театралдык спектаклдердин тажрыйбасы жөнүндө, кыргыз театр искусствосунун жаралуу жана өнүгүү тарыхы, жаш кыргыз театр сахнасынын таланттуу ырчылары жана артисттери жөнүндө сөз кылышкан [16].

В. Виноградов «Известия» газетасынын «Элдик таланттар» деген макаласында мындай деп жазган: «Айчүрөк» спектаклинин коюлушу — бул бүткүл советтик маданияттын майрамы. Бул спектакдин коюлушу, эң жаш Кыргыз опера театрын, мындан ары СССРдеги эң мыкты театрлардын катарына киргизет» [17].

Ошондой эле декаданын катышуучулары, ошол кездеги жаш кыргыз артистери, кийин Кыргыз ССРинин эл артисттери болгон К.Ешимбеков менен А.Куттубаевдин [18] макалалары да кызыгууну туудурат. Алар москвалык көрүүчүлөргө, угуучуларга Совет бийлигинин жылдарында кыргыз искусствосунун басып өткөн жолу жөнүндө, өздөрүнүн маданият жолундагы тагдыры жөнүндө айтып беришти.

Декадага жазуучулар, акындар да катышышкан. М Горький атындагы борбордук маданият жана эс алуу паркынын лекторийинде кыргыз адабиятынын кечеси өткөрүлгөн. Аны акындар А. Үсөнбаев менен К. Акиев ачып, жамааттык ырлардан үзүндүлөрдү аткарышкан, ал эми жазуучулар москвалыктарды өз чыгармалары менен тааныштырышкан.

Кыргыздын атактуу “Манас” эпосунун дастанчысы Саякбай Каралаевдин “ Манас” эпосун аткаруусу өтө чоң ийгилик болду. «Манас» эпосунун орус тилине которгон, белгилүү котормочу Л.Пенковский өзүнүн макаласында кыргыз манасчысынын чыгармачылыгы жөнүндө сөз кылган [19].

Кыргыз искусствосунун биринчи декадасына Кыргызстандын жаш сүрөтчүлөрү да катышкан. Декаданын катышуучусу, кийин СССРдин жана Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү болгон С.А.Чуйков өз эскерүүсүндө мындай деп жазган: «Мен декаданын алкагында биздин сүрөтчүлөрдүн эмгектеринин көргөзмөсүн уюштурууну сунуштагам. Бул идея жактырылып, көргөзмөнү даярдай баштадык... Декададагы көргөзмө үчүн жаш сүрөтчүлөр Г.Айтиев менен С.Акылбековдун жана «ардагерлер» В.Образцовдун, А.Игнатьевдин, Е.Малейинанын бир нече сүрөттөрү тандалып алынган. Мындан сырткары, Москванын көркөм сүрөт окуу жайынын окуучуларынын жана башкалардын эмгектери да көргөзмөгө коюлган. Көргөзмөгө менин да иштерим коюлган. Көргөзмөнүн ачылышына карата иллюстрацияланган каталог жарыкка чыгарылды. Көргөзмө ийгиликтүү өттү. Москванын басма сөздөрүндө бир нече рецензиялар айтылып чыкты.

Ошентип, биздин жаш коллектив советтик искусство дүйнөсүнө белгилуу болду. Биздей жаш сүрөтчүлөр үчүн бул көргөзмө өтө зор мааниге ээ болду: биз Кыргызстанды көрө элек москвалык көрүүчүлөр Кыргызстандын кооздугун, биздин табиятыбызды, турмушубузду, кыргыз элинин турмуш образын, анын улуттук маданиятын кандай кабыл аларын текшерүүгө мүмкүнчүлүк түзүп алдык. Рецензиялар жазылуучу китебинде москвалык көрүүчүлөр Кыргызстан кандай кереметтүү аймак экендигин билгендигин, кубанышканын жазышкан» [20].

«Известия» газетасынын 1939-жылдын 22-майындагы редакциялык макаласында мындай деп айтылган: «Биз Советтик Кыргызстандын эбегейсиз зор маданий

баалуулуктарынын жана түгөнгүс чыгармачылык мүмкунчүлүктөрүнүн аз гана бөлүгү менен тааныштык. Бирок кыргыз элинин өкүлдөрү декадага алып келген чыгармачылыгына караганда, Советтер Союзунун элдери кандай гана эбегейсиз зор ийгиликтерге жетишкендигин, биздин социалисттик Родинабыз өзүнүн ичинде улуттук таланттын кандай соолбос булагын жашырып жаткандыгын баамдоого болот».

Декада Кыргызстандын искусствосунун ар түрдүүлүгүн көрсөткөн Чоң театрдагы концерти менен аяктады. Концертке эл аспаптар оркестри, Кыргыз музыкалык драма театрынын балет тобу, виртуоз комузчу Атай Огонбаев шакирттери менен, солист Муса Баетов, музыкалык-драма театры менен филармониянын биргелешкен хору, темир комузчулардын тобу ж.б. катышышкан. Концерттин жыйынтыктоочу күнүндө И.В. Сталин, В.М. Молотов, Л.М. Каганович, М.И. Калинин, А.И. Микоян, Г.М. Маленков жана Совет мамлекетинин башка ишмерлери көрүүчү болушкан.

Декаданын жыйынтыгы борбордук басма сөздөрдө [21] жана республикалык басма сөздөрдө [22], бир катар гезиттик басылмаларда жарыкка чыгарылган.

Кремлдин чоң сарайында декададнын катышуучулары учун кабыл алуу болгон. Бул дагы, бир катар макалаларда Кремлдеги кабыл алууга арналып, окурмандарга кыргыз элинин маданиятын жар салган [23].

СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели М И. Калинин өкмөттүк жогорку сыйлыктарды — ордендерди жана медалдарды тапшырды. Ленин ордени менен Кыргыз музыкалык драма театры (азыркы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театры), Эмгек Кызыл Туу ордени менен Кыргыз филармониясы сыйланган. Көптөгөн катышуучулар (73 адам) өкмөттүк сыйлыктарга ээ болушкан, анын ичинде Ленин жана Эмгек Кызыл Туу ордендери менен да сыйланган катышуучулар болушкан [24].

1939-жылы кыргыз элинин Совет бийлигинин жылдарындагы маданиятынын жана искусствосунун өнүгүшүнө арналган чакан брошюра жарыкка чыгып, анда биринчи декадага арналган маалыматтар бир нече беттерди камтыган. Анда профессионалдык искусство менен адабияттын уюштурулушу жана алгачкы кадамдары, театрлардын, филармониянын түзүлүшү, кыргыз профессионалдык адабиятынын өнүгүшү жөнүндө сөздөр айтылган [25].

Кыргыз искусствосунун Москвадагы биринчи декадасы кыргыз искусствосунун тарыхына кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүнүн тарыхындагы маанилуу этап катары кирди. Кыргыз искусствосунун биринчи декадасындагы окуяларды чагылдыруу Кыргызстандын тарыхы боюнча басылмаларда да өз ордун таап, тарых барактарын толуктады [26].

Кыргыз искусствосунун тарыхы жана маданий курулуштун тарыхы боюнча китептерде да кыргыз искусствосунун биринчи декадасы жөнүндөгү материалдар чагылдырылган. Окумуштуу К. Каракеев «Советтик Кыргызстандын маданиятынын гүлдөгөн учуру» деген китебинде «Кыргыз искусствосунун декадасы, кыргыз элинин эбегейсиз зор маданий өсүшүн, кыска мөөнөттүн ичинде тарыхый жетишилген улуттук советтик искусствонун гүлдөгөн учурун көрсөттү» деп жазат. [27].

Ошондой эле, Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвадагы биринчи декадасы жөнүндө «Кыргыз искусствосунун тарыхы» китебинде да баяндалат. Китептин беттеринде Кыргызстандагы чыгармачыл топтордун декадага даярдыгы, декаданын кандай өткөнүн, анын жетишкен натыйжалары чагылдырылган [28].

Кыргызстандын искусствосу менен адабиятынын биринчи декадасы искусство ишмерлери, музыканттар, жазуучулар, живописчилер, сүрөтчүлөр, артисттер үчүн ири

маданий окуя, олуттуу чыгармачылык сыноо болуп калды. Ал кыргыз искусствосунун жана адабиятынын ийгиликтерин көрсөтүп, Советтик Кыргызстандын көркөм чыгармачылыгынын өсүшүнүн жана өркүндөшүнүн мындан аркы жолунүн өзөгүн аныктап берди. Анын жетишкендиктери көп улуттуу советтик маданияттын жаркын майрамына айланды. Кыргыз искусствосу менен адабиятынын 1939-жылы Москвада өткөн биринчи декадасына мындай баа берүү декаданын 40 жылдыгына арналган макалада жарык көрдү [29].

Тактап айтканда, кыргыз маданияты жана искусствосунун 1939-жылдагы алгачкы декадасына арналган атайын тарыхнаамалык материалдардын топтоштурулушу да алгачкы жолу жарыкка чыгарылып жатат десек ашыкча болбос.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**


1. Праздник киргизской литературы и искусства //Сов. Киргизия. – 1939.– 24 февр.; Искусство киргизского народа // Сов. Киргизия. – 1939. – 6 марта.
2. Сенников Н. Что будет показано на декаде киргизского искусства // Сов. Киргизия. – 1939. – 26 апр.
3. Приезд участников декады киргизского искусства // Правда. – 1939. – 17 мая; Известия. – 1939. – 17 мая.
4. Ситников Н., Омелин А. Вся страна приветствует участников декады киргизского искусства // Сов. Киргизия. – 1939. – 20 мая.
5. Шапорин Ю. Айчурек // Правда. – 1939. – 27 мая.
6. Таланты киргизского народа: Передовая // Правда. – 1939. – 8 июня; Творчество киргизского народа: Передовая // Правда. – 1939. – 8 июня; Декада киргизского искусства: Передовая // Известия. – 1939. – 22 мая; Праздник советской культуры: Передовая // Лит. газ. – 1939. – 26 мая; Искусство киргизского народа: Передовая // Лит. газ. – 1939. – 10 июня; Победа советской культуры: Передовая // Сов. искусство. – 1939. – 6 июня; Декада киргизского искусства: Передовая // Сов. музыка. – 1939. - №6. – С. 5-8.
7. Праздник искусства киргизского народа: Передовая // Сов. Киргизия. – 1939. – 26 мая; Расцвет искусства киргизского народа: Передовая // Сов. Киргизия. – 1939. – 24 мая; Декада киргизского искусства в Москве: Передовая // Сов. Киргизия. – 1939. – 4 июня; Торжество киргизского искусства: Передовая // Сов. Киргизия. – 1939. – 8 июня.
8. Праздник искусства киргизского народа: Передовая // Сов. Киргизия. – 1939. – 11 мая;
9. Таланты киргизского народа: Передовая // Правда. – 1939. – 8 июня.
10. Гопко В. Расцвет культуры киргизского народа // Московский большевик. – 1939. – 20 мая; Гопко В. Искусство киргизского народа // Сов. искусство. – 1939. – 21 мая; Гопко В. Декада киргизского искусства в Москве // Красный флот. – 1939. – 20 мая; Гринберг М. Три спектакля // Моск. большевик. – 1939. – 27 мая; Гринберг М. Прекрасная юность искусства // Сов. искусство. – 1939. – 6 июня; Корев С. Искусство братской Киргизии // Моск. большевик. – 1939. – 8 июня; Гуревич А. Расцвет народного творчества // Красная звезда. – 1939. – 23 мая; Еленина Г. Праздник киргизского искусства // Сов. искусство. – 1939. – 6 июня; Вершилов В. Искусство киргизского народа // Лит. газ. – 1939. – 15 мая; Бессаргин Б. Декада киргизского искусства в Москве // Учит. газ. – 1939. – 19 мая.
11. Владимиров В. Рассказы о певцах и музыкантах // Правда. – 1939. – 16 мая;
12. Ситников Н. Заметки о декаде // Сов. Киргизия. – 1939. – 4 июня, 8 июня; Дмитриев А. Привет Москве! С вечера киргизского искусства // Сов. Киргизия. – 1939. – 27 апр.; Джаналиев К. Искусство киргизского народа // Сов. Киргизия. – 1939. – 26 мая.

13. Немирович-Данченко В.И. Заметки о декаде киргизского искусства (1939г.) // Немирович-Данченко В.И. Театральное наследие. Т.1. – М.: Искусство, 1952. – С.56.
14. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Б., 2004. – С. 208.
15. Целиковский В. Путь театра // Известия. – 1939. – 22 мая; Целиковский В. Творческий рапорт театра // Сов. Киргизия. – 1939. – 11 мая.
16. Власов В. Киргизский театр // Труд. – 1939. – 20 мая; Власов В., Фере В. Искусство киргизского народа // Огонек. – 1939. - № 11. – С. 7-8.
17.Виноградов В. Народные таланты // Известия. – 1939. – 6 июня.
18.Ешимбеков К. Сказочный путь // Правда. – 1939. – 16 мая; Куттубаев А. Расцвет культуры киргизского народа // Гудок. – 1939. – 26 мая
19. Пеньковский Л. Искусство, взращенное народом // Известия. – 1939. – 22 мая.
20.Чуйков С. Окрыляющий успех // Сов. Киргизия. – 1979. – 26 мая; Выставка изобразительного искусства Киргизской ССР: Каталог. – М.-Л.: Искусство, 1939. – 47 с.
21. Большая школа: к итогам декады кирг. искусства в Москве // Известия. – 1939- 6 июня; Целиковский В. Театр киргизского народа: к итогам декады // Моск. большевик. – 1939. – 8 июня
22. Вагов А.В. Итоги декады киргизского искусства // Сов. Киргизия. -1939. – 3 июня.
23. Прием в Кремле участников декады киргизского искусства // Правда. – 1939. – 6 июня; Прием в Кремле участников декады киргизского искусства // Сов. искусство. – 1939. – 6 июня; Прием в Кремле участников киргизского искусства: Сообщения и речи // Сов. Киргизия. – 1939. – 8 июня.
24. Высокая награда // Сов. искусство. – 1939. – 11 июня; Привет славным сынам и дочерям киргизского народа! // Сов. Киргизия. – 1939. – 15 июня.
25. Культура и искусство киргизского народа. – Ф.: Киргосиздат, 1939. – 24 с.
26.История Киргизской ССР. – В 5-ти т. Т. 4. Киргизия в 1938-1960 гг. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – С.98-100.
27. Каракеев К. Расцвет культуры Советского Киргизстана. – Ф., 1961. - С. 36-45, 46-48.
28. История киргизского искусства: Крат. очерк. – Ф.: Илим, 1969. – С.105-109.
29. Белова К. Творческий экзамен // Сов. Киргизия. – 1979. – 26 мая.

**Рецензент: тарых илимдеринин доктору, профессор Джоошбекова А.Р.**